**2.3.Адистиги боюнча окутуунун жыйынтыктарына компетенциялардын дал келиши.**

| ОКН | Мазмуну | Компетенциялар |
|---|---|---|
| **ОКН1** | Гуманитардык, табигый жана так илимдер боюнча алган билимдерин өзүнүн кесиптик ишмердүүлүгүндө колдоно билет. | **ЖКК 3**.Кесиптик милдеттерди натыйжалуу аткарып,кесиптик жана жеке өнүгүү үчүн зарыл болгон маалыматтарды издеп, чечмелеп жана колдоно билет. |
| **ОКН2.** | Кесиптик ишмердүүлүгүндө маалыматты, инновациялык технологияны пайдалана алат | **ЖКК 4.**Кесиптик ишмердүүлүктө маалымат жана байланыш технологияларын колдоно билет.<br><br>**ККК 5.** Кесиптик ишмердүүлүктө компютердик технологияларды, колдонмо программаларды (1C, Medicine, SAD/SAM) жана мобилдик тиркемелерди эффективдүү колдоно билет.<br><br>**КК 12.** Энелердин жана перинаталдык оорулардын жана өлүмдөрдүн санын азайтуу максатында маалыматтык материалдарды, КОИ (клиникалык өлүмдү изилдөө) программаларын иштеп чыгууга катыша алат.<br><br>**ЖКК 7.** Өзүнүн жеке жана профессионалдык өнүгүүсүн башкара билип, эмгек шарттарынын өзгөрүшүнө жана кесиптик ишмердүүлүктөгү технологиялык өнүгүүлөргө ыңгайлаша алат |
| **ОКН3** | Жамаатта жоопкерчилик менен иштей алат. | **ЖКК 2.** Көйгөйлөрдү чече алып, стандарттуу жана стандарттуу эмес кырдаалдарда чечимдерди кабыл алып, демилге жана жоопкерчиликти көрсөтө алат.<br><br>**ЖКК 5.** Кесиптештер, жетекчилик жана кардарлар менен мамиле кыла алып, бир командада иштей билет.<br><br>**ЖКК 6.** Команданын мүчөлөрүнүн (баш ийгендердин) ишине жана жумуш ордунда окуп үйрөнүүсүнө,аткаруунун натыйжалуулугуна жоопкерчилик алат<br><br>**ЖКК 8.** Уюштуруучулук жана башкаруучулук иштерди чакан командалар менен иштөөгө даяр болот.<br><br>**КК 10** Башка уюмдар менен бирдикте калкка биринчи жардам көрсөтүү ыкмаларын маалымдап жана үйрөтө алат.<br><br>**КК 9.** Эне жана баланын ден соолугунун маселелери боюнча пациенттерге кенеш берүү жана бейтапка медициналык камсыздардыруу жөнүндө маалымат бере алат. |
| **ОКН4** | Ыйгарым укуктарына ылайык профессионалдык деңгээлде акушердик жана гинекологиялык жардам көрсөтө алат | **КК 1.** Клиникалык протоколдордун негизинде физиологиялык кош бойлуулукта, төрөт жана төрөттөн кийинки мезгилде акушердик жардам көрсөтө билет. Акушердик патология учурунда тез жардам иш- чараларын аткара билет. Төрөт учурунда дарыгерге хирургиялык манипуляцияларды аткарууга жардам бере алат (чаттын 1-2 даражадагы бертинүүлөрүн калыбына келтирүүдө, акушерге тийешелүү болгон милдетерине жараша көмөк көрсөтө алат). Бейтапка медициналык кийгилишүүлор жөнүндө түшүнүктүү, жеткиликтүү маалымат бере алат.<br><br>**КК 3.** Кош бойлуу аялга диагностика жүргүзүп, дарыгерге чейинки жардам көрсөтө алып жана кош бойлуулуктун татаалданышында, төрөттөн кийинки мезгилдеги акушердик жана экстрагениталдык патологиясы бар аялга кам көрө билет. Курч ооруларда, кырсыктарда, өзгөчө кырдаалдарда, эпидемиялык шарттарда жана гинекологиялык тез жардамды дарыгерге чейин көрсөтө билет.<br><br>**КК 5.** Кош бойлуу аялдарга обсервация жүргүзүп, төрөттөн кийинки аялдарга патронаж кылып, кош бойлуу аялдарды төрөткө физикалык жана |

| | | |
|---|---|---|
| | | психопрофилактикалык жактан даярдап, кош бойлуу аялдарга кош бойлуулуктун, төрөттүн жана төрөттөн кийинки мезгилдеги кыйынчылыктарды алдын алуу боюнча кенеш бере алат.<br><br>**КК 2.** Жаны төрөлгөн ымыркайды алгачкы текшерүүдөн өткөрүп, ымыркайга баа бере алып, кам көрүп жана ата-энелерди да ымыркайды кам көрүүгө үйрөтө алат.<br><br>**КК 8.** Профилактикалык текшерүүлөрдү жүргүзө алып, аялдарды медициналык текшерүүгө көмөк көрсөтүп, гинекологиялык бейтаптарга диагностикалык жана өз убагында профилактикалык жардам көрсөтө алат. |
| **ОКН5** | Дарыгердин жетекчилиги астында (медициналык) дарылоо жана алдын алуу иштерин жүргүзөт. | **ЖКК 1.** Өзүнүн иш-аракеттерин уюштура алып, кесиптик милдеттеринин усулдарын жана ыкмаларын тандап, алардын натыйжалуулугун жана сапатын баалай алат.<br><br>**КК 4.** Диагностикалык процедураларды кесиптик милдет чегинде өз алдынча аткара алат. Операцияга чейинки жана операциядан кийинки мезгилде кам көрө алат.<br><br>**КК 6.** Экстрагениталдык патологиясы бар бейтаптарды дарыгердин жетекчилиги астында алдын алуу иш чараларын өткөрө алат.<br><br>**КК 7.** Баланын өнүгүүсүндөгү физикалык жана психикалык аномалияларды аныктай алып, дарыгердин жетекчилиги астында балдарга кам көрүү жүргүзүп, дарылоо, диагностикалык жана профилактикалык иш чараларды жүргүзө алат<br><br>**КК 11.** Бейтаптарды жана үй-бүлө мүчөлөрүн операциядан кийинки мезгилде өзүн-өзү тейлөө жана кам көрүү көндүмдөрүн үйрөтө алат.<br><br>**ККК 3.** Физико-терапевтик ыкмаларды өздүк эрежелерине ылайык колдоно билет.<br><br>**ККК 7** Бейтаптын анатомиялык жана физиологиялык өзгөчөлүктөрүн билүү менен ар кандай курактагы ден соолукту сактоодо жана чыңдоодо бейтапка жана анын үй-бүлөсүнө кам көрүү, өзүн-өзү тейлөөнү үйрөтө алат. |
| **ОКН6** | Өзүнүн ыйгарым укуктарынын чегинде медициналык-социалдык иш-аракеттерин жүргүзөт. | ККК 4. Субъектердин укутары жана милдеттери, медициналык жардам көрсөтүү жана медициналык кызматкердин укуктук абалы жөнүндө билимге ээ.<br><br>ККК 1. Саламаттык сактоо мекемелеринде санитардык-гигиеналык жана эпидемияга каршы режимди сактай алып, калкка санитардык –гигиеналык агартуу иштерин жүргүзө алат.<br><br>**ККК 2.** Жугуштуу жана жугуштуу эмес ооруларды алдын алуу боюнча иш-чараларды уюштуруп, санитардык агартуу жумуштарын калк арасында жүргүзө алат. |
| **ОКН7** | Инсандык, улуттук идентүүлүктү сактоо менен жалпы адамзаттык жана улуттук баалуулуктарды урматтайт, өнүгүүсүнө жана жайылтылышына кам көрө алат, мамлекеттин кызыкчылыктарына жана социалдык чөйрөдө инсандык, жарандык жоопкерчилик мамиледе болот | **ВКК.1.**Кыргыз элинин жана мамлекеттин баскычтарын жалпы тарыхый контексте түшүндүрө алат.Салттуу кыргыз маданиятынын төрөт, бала багуу, аялдын орду боюнча көз караштарын кесипке ылайык интерпретациялай алат. |
| **ОКН8** | Калктын ден соолугун өнүктүрүнүн абалы жана | **ВКК-2.** Калктын ден соолугунун өнүгүү тенденцияларын жана мыйзам ченемдүүлүктөрүн далилдүү медицина, коомдук саламаттык сактоо принциптерине |

| | | |
|---|---|---|
| | мыйзам ченемдүүлүктөрү жөнүндө билимди калыптандыруу,аны аныктоочу факторлор,калктын саламаттыгын көрсөткүчтөрүн эсептөө жана талдоо ыкмаларын өздөштүрүү. | таянып баалоого жана аны аныктоочу факторлорду санариптик маалымат булактары аркылуу талдоого жөндөмдүү.<br><br>**ВКК3.** Калктын саламаттыгын мүнөздөгөн негизги көрсөткүчтөрдү заманбап биостатистикалык ыкмалар жана санариптик эсептөө инструменттери (таблицалар, маалымат базалары, электрондук отчеттор) менен эсептеп, интерпретациялоого жөндөмдүү.<br><br>**ВКК4.** Калктын ден соолугун чыңдоодо , мамлекеттик кепилдик програмалар менен иштоого жондомдуу. |

Дисциплиналардын аталышы (блоктор боюнча) | МББСте берилген компетенциялар + ДК

| № | Дисциплиналардын аталышы | **ОКН-1** | **ОКН-2** | **ОКН-3** | **ОКН-4** | **ОКН-5** | **ОКН-6** | **ОКН-7** | **ОКН-8** |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| **ЖГСЭД** | | | | | | | | | |
| 1 | Кыргыз тили | т | | | | | | | |
| 2 | Чет тили | т | | | | | | | |
| 3 | Улуттук жана адамзаттык баалулуктар | | | | | | | т | |
| **ЖКД** | | | | | | | | | |
| 1 | Адамдын анатомиясы жана физиологиясы | | | | | о | | | |
| 2 | Медайымдык ишинин негиздери | | | | | о | | | |
| 3 | Фармакология | | | | | | | | |
| 4 | Микробиология,вирусологи я жана имунологиянын негиздери | | | | | | о | | |
| 5 | Латын тили | о | | | | | | | |
| 6 | Кесиптик ишмердуулукту укуктук камсыздоо | | | о | | | | | |
| 7 | Саламаттыкты сактоодо ишкердик жана башкаруу | | | о | | | | | |
| **Клиникалык дисциплиналар** | | | | | | | | | |
| 1 | Акушерство 1 | | | | ж | | | | |
| 2 | Акушерство 2 | | | | ж | | | | |
| 3 | Акушерство 3 | | | | ж | | | | |
| 4 | Акушерство 4 | | | | ж | | | | |
| 5 | Гинекология 1 | | | | | ж | | | |

| | | | | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| 6 | Гинекология 2 | | | | | ж | | | |
| 7 | Репродуктивдуу куракта коргоо жана уй булоону пландаштыруу | | | | | ж | | | |
| 8 | Педиатрия балдардын жугуштуу оорулары менен 1 | | | | | ж | | | |
| 9 | Педиатрия балдардын жугуштуу оорулары менен 2 | | | | | ж | | | |
| 10 | Терапия 1 | | | ж | | | | | |
| 11 | Терапия 2 | | | ж | | | | | |
| 12 | Хирургия 1 | | | ж | | | | | |
| 13 | Хирургия 2 | | | ж | | | | | |
| 14 | Жугуштуу оорулар ВИЧ инфекция жана эпидемиология курсу менен | | | | | | ж | | |
| 15 | Уй-булолук медицина | | | | | | ж | | |
| 16 | Клиникалык фармакология | | ж | | | | | | |
| 17 | Нерв жана психикалык оорулар | | | | | | ж | | |
| 18 | Дерматовенерология | | | | | | ж | | |
| 19 | Жашоо тиричилик коопсуздугу жана кырсыктар медицинасы | | ж | | | | | | |
| 20 | Реаниматологиянын негиздери | | | | | ж | | | |
| 21 | Общественное здоровье и законодательство в области здравоохранения | | | | | | | | ж |

**2.4.НББнын оздоштурунун мооноту.**

Абитуриенттердин билим деңгээлине карата талаптар.

Абитуриент тапшырууда төмөнку документтердин бирине ээ болууга тийиш:

- негизги жалпы билими жөнүндө күбөлүккө;

- жалпы орто билими жөнүндө аттестатка;

- орто кесиптик билими жөнүндө дипломго;

- башталгыч кесиптик билими жөнүндө дипломго (негизги же жалпы орто билими тууралуу документи болсо);

60102 Акушердик иши адистиги боюнча даярдоодо билим берүү программасынын жалпы эмгек сыйымдуулугу окуутунун формасына, колдонулган билим берүү технологияларына, студенттин жекече окуу планына, анын ичинде тездетилген окутуунун түрүнө карабастан 180 кредиттик бирдикти түзөт.

Күндүзгү билим берүүнүн нормалдуу окуу мөөнөтү жалпы орто билим берүүнүн базасында ОКБ мамлекеттик жыйынтыктоочу аттестациядан өткөндөн кийин берилүүчү каникулдарды кошо алганда:

-жалпы орто билим берүүнүн базасында – 2жыл 10 ай.

-негизги жалпы билим берүүнүн базасында билим берүү программасын өздөштүрүүнүн белгиленген ченемдик мөөнөтү 1 (бир) жылга узартылат.

ООПтун эмгек сыйымдуулугу

060102 Акушердик иши адистиги боюнча даярдоодо билим берүү программасынын жалпы эмгек сыйымдуулугу 180 кредиттик бирдикти түзөт. Кредиттик билим берүү технологиясын колдонуу менен окуу процессин уюштурууда ар бир академиялык дисциплинанын көлөмү академиялык кредиттердин бүтүн санын түзөт. 1 академиялык кредит 30 академиялык саатка барабар. Академиялык сааттын узактыгы 45 мүнөт чегинде белгиленет.

Окуу пландарындагы окуу иштеринин бардык түрлөрүнүн сыйымдуулугу академиялык ECTS кредиттер менен белгиленет. Орто кесиптик билим берүүнүн НББПнын күндүзгү окуу формасына жылдык эмгек сыйымуулугу 60 кредит жана семестрдеги эмгек сыйымдуулугу 30 кредит.